"Аллага кат"

Сөзү : Нуркан Койчуманованыкы

Обону : Кенже Дүйшееваныкы

Башка түшсө жалгыз тура ар адам,

Жакшы, жаман каптап өтүп арадан.

Кечеки эле адамдардын көбү жок,

Абалымды бир кайрылып сураган.

Кайырма:

Аллах, Аллахымдын сыноосуна макулмун,

Аллах, ак-караны ылгап алдым, тазардым.

Аллах, мезгил өтүп, оомат кайра келгенде,

Адамдардын ким экенин биле алдым.

Күтүүсүздөн, аска болдум ураган,

Чынар болдум көчкү тийип кулаган.

Сыр бөлүшкөн жакындарым көп эле,

Табылбады көңүлүмдү улаган.

Аллах, Аллахымдын сыноосуна макулмун,

Аллах, ак-караны ылгап алдым, тазардым.

Аллах, мезгил өтүп, оомат кайра келгенде,

Кимдин ким экенин биле алдым.

Тоо суусундай берекеси агылган,

Суусун элим чаңкаганда табылган.

Тамчы сууга зар болгондо көрүнбөйт,

Дос дегенде ооруп турат кабыргам.

Аллах, Аллахымдын сыноосуна макулмун,

Аллах, ак-караны ылгап алдым, тазардым.

Аллах, мезгил өтүп, оомат кайра келгенде,

Пенделердин, пенде экенин биле алдым.

Досторумдун ким экенин биле алдым.